**Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу**

*(2018-жылдын январь айы)*

Карооого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган мамлекеттик казына облигацияларын (мындан ары - МКО) баштапкы рынокто жайгаштыруу боюнча 2 аукцион өткөргөн.

Аукциондордо МКОнун жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү өткөн айга караганда 8,7 пайызга көбөйүү менен 1,3 млрд сомду түзгөн. Ушуну менен катар эле, 10 жылдык МКО эсебинен мамлекеттик казына облигацияларына карата суроо-талаптын олуттуу өсүшү байкалган, мында ал 3,4 млрд сомду түзгөн (өткөн айга салыштырмалуу көбөйүү 2,5 эсе). Мындан улам, Финансы министрлиги тарабынан 2 кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн, алар сатуунун жалпы көлөмүн (+83,0 пайызга) корректировкалаган. Өткөрүлгөн аукциондордун жыйынтыгында (кошумча жайгаштырууну эске алганда) катышуучулар тарабынан 8,5 пайыз орточо алынган чен боюнча 560,0 млн сом суммасында 2 жылдык МКО жана 17,5 пайыз орточо алынган чен боюнча 2,3 млрд сом суммасында 10 жылдык МКО сатылып алынган.

Карооого алынып жаткан мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 13,9 пайызды түзгөн, бул өткөн айга салыштырмалуу 1,3 п.п. көп.

Карооого алынып жаткан мезгилдин акырына карата номиналдык нарк боюнча жүгүртүүдө МКО көлөмү жыл башынан тарта жаңы катышуучулардын – юридикалык жактар резидент эместердин пайда болушунан улам 10,3 пайызга, 26,2 млрд сомго чейин көбөйгөн. МКОго ээлик кылуучулар түзүмүндө институционалдык инвесторлордун үлүшү 58,8 пайызга (-4,8 п.п.), коммерциялык банктардын үлүшү – 32,8 пайызга (-3,0 п.п.), юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы – 0,6 пайызга (-0,1 п.п.) чейин төмөндөгөн. Юридикалык жактар-резидент эместердин үлүшү 7,8 пайызды түзгөн.

МКОнун жалпы портфелинин концентрациялануу индекси 0,31 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто үч негизги инвестордун катышкандыгына дал келет.

Отчеттук мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




*-кошумча жайгаштыруу

**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2017 | 14 026 261,3 | 5 318 167,4 | 37,9 | 8 612 280,9 | 61,4 | 95 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.03.2017 | 15 086 261,3 | 5 968 583,8 | 39,6 | 9 021 864,5 | 59,8 | 95 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.04.2017 | 15 242 261,3 | 6 093 383,8 | 40,0 | 9 032 864,5 | 59,3 | 116 013,0 | 0,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.05.2017 | 16 042 261,3 | 6 658 175,0 | 41,5 | 9 271 073,3 | 57,8 | 113 013,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.06.2017 | 17 002 261,3 | 7 025 135,2 | 41,3 | 9 854 005,1 | 58,0 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.07.2017 | 17 492 261,3 | 7 036 419,6 | 40,2 | 10 332 720,7 | 59,1 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.08.2017 | 18 731 111,3 | 7 140 239,8 | 38,1 | 11 465 900,5 | 61,2 | 124 971,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.09.2017 | 19 307 011,3 | 7 444 739,8 | 38,6 | 11 721 900,5 | 60,7 | 140 371,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.10.2017 | 19 706 511,3 | 7 783 243,8 | 39,5 | 11 772 310,9 | 59,7 | 150 956,6 | 0,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.11.2017 | 20 005 021,3 | 7 826 710,3 | 39,1 | 12 027 354,4 | 60,1 | 150 956,6 | 0,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.12.2017 | 22 634 744,5 | 8 124 965,0 | 35,9 | 14 357 696,9 | 63,4 | 152 082,6 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.01.2018 | 23 748 352,5 | 8 499 917,1 | 35,8 | 15 095 715,8 | 63,6 | 152 719,6 | 0,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.02.2018 | 26 188 852,5 | 8 586 247,0 | 32,8 | 15 402 051,2 | 58,8 | 151 735,4 | 0,6 | 2 048 818,9 | 7,8 | 0,0 | 0,0 |